# Австрия Республикасынын Транспорт, инновациялар жана технологиялар боюнча федералдык министрлигинин менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги ортосундагы Эл аралык жүк ташуулар жөнүндө

# М А К У Л Д А Ш У У

Мындан ары «Макулдашуучу Тараптар» деп аталуучу Австрия Республикасынын Транспорт, инновациялар жана технологиялар боюнча федералдык министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги,

эки мамлекеттин ортосунда тышкы сооданын талаптарын тиешелүү түрдө эске алууга умтулуп,

илимдин жана техниканын деңгээлине ылайык, өзгөчө транспорт каражаттарынан чыккан чууну жана зыян заттардын ташталышын минималдаштыруунун эсебинен Австрия Республикасындагы жана Кыргыз Республикасындагы экологиялык кырдаалды жакшыртуу аркылуу эки мамлекеттин ортосунда жүк ташууларды жөнгө салууга умтулуу менен,

аралаш ташууларды кыйла кеңири пайдаланууну жана айрым жүктөрдү, өзгөчө кооптууларын автомобилдик жолдордон темир жолго которууга көмөк көрсөтүүнү каалап,

төмөнкүлөр тууралуу макулдашты:

## I БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

### 1-статья

1. Бул Макулдашуу Австрия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда эл аралык жүк ташууларга жайылтылат (эки тараптуу ташуулар, транзиттик ташуулар, үчүнчү өлкөлөргө ташуулар).

2. Бул Макулдашуу транспорттук ишканалар жана ташуулардын түрлөрүнө карата эл аралык:

- аралаш ташуулар (2-статья, 1-п.);
- 2-статьянын 2-пунктунда аталган жүк ташуучу автомобилдер менен автомобилдик ташуулар;
- коммерциялык ташуулар, анын ичинде бош жүк ташуучу автомобилдердин жүрүүлөрү;
- ишкананын каражаттарынын эсебинен ташуулар, анын ичинде бош жүк ташуучу автомобилдердин жүрүүлөрү.

3. Транспорт жыйымдарын чогултуу маселеси Макулдашуучу Тарабынын тиешелүү мамлекети тарабынан улуттук жөнгө салынууга тийиш жана аларга бул Макулдашуу колдонулбайт.

# II БӨЛҮМ. АНЫКТАМАЛАР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

## 2-статья

Бул Макулдашууда:

1. «Аралаш ташуулар» жүк ташууларды билдирет:

а) жүк ташуучу автомобиль менен жөнөтүү пунктунан техникалык жактан жарактуу жакынкы жүктөө пунктуна чейин (жүктөө пунктуна чейин ташуу),

б) темир жол же суу кемеси, автомобилдик транспорт каражаты, 2-пунктка ылайык башка автотранспорт каражаты же алмаштырылуучу контейнерлер же узундугу 6 метрден кем эмес контейнер (контейнердик ташуулар) менен жүктөө пунктунан жүк түшүрүү пунктуна чейин, мында жүктөө пунктунан жана/же жүк түшүрүү пунктуна чейин Макулдашуучу Тараптардын биринин же экөөнүн тең мамлекеттик чегарасынан өтүү керек,

в) жүк ташуучу автомобиль менен жөнөтүүнүн техникалык жактан жарактуу жакынкы пунктунан жүктү алуучуга чейин (жүк түшүрүү пунктуна чейин ташуу).

2. «Жүк ташуучу автомобиль» төмөнкүлөрдү билдирет: жүк ташуу үчүн арналган ар түрдүү автомобиль, анын ичинде жүк ташуучу, мүчөлөнгөн автомобилдер, автопоезддер, чиркегичтер жана жарым чиркегичтер.

3. «Коммерциялык ташуулар» төмөнкүлөрдү билдирет: өз алдынча, туруктуу жана пайда көрүү же экономикалык башка киреше табуу максатында жүк ташуучу автомобилдердин ташуулары.

4. «Ишкананын каражаттары менен ташуу» төмөнкүлөрдү билдирет:

Жүктү жүк ташуучу автомобилдер менен төмөнкүдөй шарттарда ташуу:

а) транспортировкалануучу жүктөр ишкананын менчигинде болушу же анын тарабынан сатылышы, сатып алынышы, ижарага өткөрүп берилиши, ижарага алынышы, даярдалышы, издеп табылышы, иштетилиши же оңдолушу керек;

б) ташуу ишканага жүктөрдүн жеткирилишин, алардын ишканадан жөнөтүлүшүн, өздүк муктаждыктар үчүн ишкананын ичинде же андан сыртка ташууну камсыз кылышы керек;

в) жүк ташуу үчүн арналган жүк ташуучу автомобилдерди ушул ишкананын кызматкерлери айдашы керек;

г) жүк ташуучу автомобилдер ишканага таандык болушу зарыл же бөлүп-бөлүп сатып алынышы же ижарага алынышы керек;

е) ташуулар ишкананын жалпы ишмердигинин чегинде көмөкчү ишмердик катары гана болушу керек.

5. «Каботаж ташуулар» төмөнкүлөрдү билдирет:

Жүктү башка мамлекеттик аймагында ошол эле мамлекеттин аймагында ташуу максатында кабыл алуу.

# III БӨЛҮМ. ЖҮК ТАШУУЛАР

## 3-статья
## Уруксатты талап кылуучу ташуулар

1. 1-статьяда көрсөтүлгөн ташуулардын түрлөрүнө, эгер алар автомобиль транспорту менен ишке ашырылса, автомобилдик ташуу кайсы мамлекетте аткарылса Макулдашуучу Тараптын ошол мамлекетинин компетенттүү органынан уруксат алуу зарыл.

2. Уруксат 8-статьяга ылайык бир жолку уруксат катары берилет, атап айтканда:

а) универсалдуу уруксат катары (эки тараптуу транзиттик жана үчүнчү өлкөлөргө ташуу үчүн колдонулат, эгерде үчүнчү өлкөлөргө барган учурда автотранспорт катталган өлкө аркылуу өтсө),

б) чектелген уруксат катары: айрым жерлер боюнча, жүктүн айрым түрлөрү боюнча, транспорттун айрым каражаттары боюнча же ташуулардын айрым түрлөрү боюнча.

## 4-статья
## Уруксатты талап кылбаган ташуулар

1. Төмөнкүлөр үчүн уруксат талап кылынбайт:

а) авиарейс багытын өзгөрткөн учурда аэропортко чейин жана андан тартып туруктуу эмес жүк ташуулар;

б) жүргүнчүлөрдү ташуучу автомобилдердин чиркегичтеринде жүк ташуулар жана ар түрдүү автомобилдерде аэропортко чейин жана андан тартып жүк ташуулар;

в) почталык жөнөтүүлөрү ташуу;

г) бузулган же ремонтту талап кылган автомобилдерди ташуу;

д) утилдештирүүгө жаныбарлардын өлүгүн ташуу;

е) арыларды жана балыктын майда чабагын ташуу;

ж) маркумдун денесин жана сөөгүн ташуу;

з) жалпы нормативдик салмагы, анын ичинде чиркегичтердин жалпы салмагы 6 т. ашпаган же максималдуу жол берилген жүк көтөрүмдүүлүгү, анын ичинде чиркегичтердин жүк көтөрүмдүгү 3,5 т. ашпаган жүк ташуучу автомобилдер менен жүк ташуу;

и) аварялык кырдаалда (өзгөчө табигый кырсык болгон учурда) жардам көрсөтүү үчүн жана гуманитардык багыттагы жүктөрдү ташуу;

к) атайын транспорт каражаттарынын ичинде баалуу жүктөрдү (мисалы баалуу металлды) ташуу;

л) суу кемелери, ошондой эле самолёттор үчүн тетиктерди ташуу;

м) өзү катталбаган өлкөдө бузулуп калган жүк ташуучу автомобилди алмаштыруу үчүн жөнөтүлгөн жүк ташуучу автомобилдин бош жүрүшү, ошондой эле бузулган жүк автомобиль үчүн берилген уруксаттын негизинде эвакуатордук автомобилде аны ташууну улантуу;

н) көргөзмө жана жарманке үчүн арналган искусство буюмдарын жана искусство чыгармаларын ташуу;

о) жарнак же окутуу максатында туруктуу эмес ташуу;

п) театрдагы спектаклге, музыкалык жана спорттук иш-чараларга, циркке, көчмө театрга же жарманкеге, ошондой эле радио жана теле жазууларга жана кинотартууларга буюмдарды, жабдууларды жана жаныбарларды ташуу;

р) эгерде ташуу жүк ташуучу автомобиль менен жүргүзүлсө жана эгер улуттук эрежелерге ылайык ушул жүрүшкө уруксат берилген максималдуу габаритке жана жол берилген максималдуу жалпы салмагына карата атайын уруксат берилген айрым учурда бөлүнбөөчү ири габариттүү жүктөрдү ташуу.

2. Тараптар Аралаш Комиссиянын алкагында (10-статья) айрым жүктөрдү же бардык жүктү белгиленген маршрут боюнча уруксатсыз ташууну макулдаша алат.

3. Уруксатты талап кылбаган бош ташуу 1 жана 2-пункттарга ылайык жүргүзүлүп жаткандыгын ташуучу далилдеши керек. 1 жана 2-пункттарга ылайык уруксатты талап кылбаган бош ташууну далилдөөнү транспорттук коштомолордун же квотадан уруксаттын кийин кайтарылышын берүүнүн жардамы менен келтирүү керек.

## 5-статья
## Уруксаттын мазмуну

1. Ар бир жүк ташуучу автомобилдик транспорт каражаты үчүн 4-статьянын жоболорун бузбастан уруксат берүү керек.

2. Уруксат төмөнкүдөй маалыматтарды камтышы керек:

а) ташуучунун аталышы жана дареги;

б) автомобилдин мамлекеттик номердик белгиси;

в) жол берилүүчү максималдуу жүк көтөрүмдүүлүгү жана автомобилдин нормативдик жалпы салмагы;

г) ташуунун түрү (коммерциялык ташуу, ишкананын каражаттары менен ташуу, бош ташуу);

д) зарыл болгон учурда автомобилди пайдалануу үчүн атайын тапшырмалар жана шарттар;

е) уруксаттын колдонуу мөөнөтү.

3. Уруксат ага берилген ташуучуга гана колдонулат жана кимдир бирөөгө өткөрүп берилбейт.

4. Мамлекеттердин биринин Макулдашуучу Тарабы экинчи мамлекеттик Макулдашуучу Тарабына өтүнүч менен кайрылган ташуучуларга толтурулган уруксат берүүчү бланкаларды берет – 2 б), в) жана г) пункттарына ылайык маалыматтардан тышкары. 2 б), в) жана г) пункттарына ылайык маалыматтар ташуу башталганга чейин ташуучу өзү толтурат.

5. Уруксатты ар бир ташууда өзү менен жанында алып жүрүшү керек жана көзөмөлдөөчү органдардын талабы боюнча бериши керек.

6. Аралаш Комиссия (10-статья) 2-пунктту эсепке алуу менен уруксат берилген форманы жана тилди аныктайт.

**6-статья**
**Каботажга тыюу салуу**

Каботаждык ташууларга Макулдашуучу Тараптардын эки мамлекетинин аймактарында ташууга өз ара тыюу салынат.

**7-статья**
**Санкциялар**

1. Ташуучулар, ошондой эле бир мамлекеттин экипажынын мүчөлөрү экинчи мамлекеттик аймагы боюнча ташуу учурунда ушул Макулдашуунун жоболорун жана ошол мамлекеттин аймагында колдонулуучу укуктук нормаларды, өзгөчө ташуу жана жол кыймылынын эрежелерин, ошондой эле тиешелүү бажылык жана тарифтик эрежелерди сактоого милдеттүү.

2. Ташуучу же анын персоналы экинчи мамлекеттик аймагында колдонулуучу 1-пункттун жоболорун одоно же экинчи ирет бузган учурда автотранспорт каражаты катталган мамлекеттин Макулдашуучу Тарабы тартип бузуу болгон экинчи Макулдашуучу Тараптын суроо-талабы боюнча төмөнкү чараларды көрө алат:

а) 1-пунктка ылайык колдонуудагы нормаларды жана эрежелерди сактоону көргөзмө берүү менен ташуучуга эскертүү;

б) ушул Макулдашуунун негизинде эл аралык автомобилдик жүк ташуулардан убактылуу четтетүү;

в) ташуучуга уруксат берүүнү токтотуу жана экинчи мамлекеттин башка Макулдашуучу Тарабы менен аныкталган мезгилге берилген уруксатты алып коюу.

3. Макулдашуучу Тараптар ушул Макулдашуунун жоболорун кайта бузган ташуучуларга берилген уруксаттарды жокко чыгаруу жөнүндө макулдашат.

4. Эки мамлекеттин Макулдашуучу Тараптары бул Макулдашуунун тартип бузуулары жөнүндө жана 2-пунктка ылайык көрүлгөн чаралар тууралуу бири бирине кабарлашат.

**8-статья**
**Квоталар**

1. Уруксат берүүлөрдүн (квоталардын) саны, алардын колдонулушу, мөөнөтү жана аларды өткөрүү мезгили жыл сайын 12 айлык мөөнөткө (квотанын колдонуу мөөнөтү) Аралаш Комиссия (10-статья) тарабынан преамбулада көрсөтүлгөн принциптерди жана критерийлерди эске алуу менен макулдашылат.

2. Уруксат баруута жана кайра кайтууга жарактуу. Уруксат, эгер Аралаш Комиссиянын (10-статья) алкагында башка жол-жобо макулдашылбаса, анын колдонуу мөөнөтүнө гана жана андан кийинки (биринчи) айдын ичинде жарактуу болот.

**9-статья**
**Жүк ташуучу автомобилдерге карата атайын талаптар**

Айлана чөйрөнү коргоо максатында техниканын деңгээлине ылайык экологиялык жактан таза жүк ташуучу автомобилдерди тез аранын ичинде пайдаланууга киргизүү керек. Аралаш Комиссия (10-статья) мындай жүк ташуучу автомобилдерди пайдаланууну колдоо боюнча сунушту иштеп чыгат.

**III бөлүм. Аралаш Комиссия**

**10-статья**

1. Бул Макулдашууну ишке ашыруу максатында, ошондой эле ушул Макулдашууну колдонуу жана аны чечмелөө менен байланышкан кайчы маселелерди чечүү үчүн Тараптар Аралаш Комиссияны түзүшөт.
2. Аралаш Комиссия Макулдашуучу Тараптын биринин суроо-талабы боюнча жыйынга чогулушат.
3. Эгерде Аралаш Комиссия башкаруунун башка облустарына таандык маселелерди талкууласа, анда ал тиешелүү органдардын адистерин ишке тартууга укуктуу.

## V БӨЛҮМ. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

**11-статья**
**Күчүнө кириши**

Бул Макулдашуу кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**12-статья.**
**Макулдашуунун колдонуу мөөнөтү**

Бул Макулдашуу беш жылдык мөөнөткө түзүлөт. Эгерде Макулдашуучу Тараптын бири ушул Макулдашуунун мөөнөтү бүткөнгө чейин кеминде 6 айдан кечиктирбестен Макулдашуунун аракетин токтотуу жөнүндө экинчи тарапка жазуу жүзүндө билдирбесе, анын колдонулушу кийинки беш жылдык мөөнөткө өзүнөн өзү узартылат.

2009-жылдын 25 майында Бишкек шаарында эки түп нускада, ар бири немец, англис, кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү, мында төрт текст бирдей күчкө ээ.

Бул макулдашууну чечмелөөдө пикир келишпестиктер келип чыккан учурда англис тилиндеги текстке артыкчылык берилет.

Австрия Республикасынын
Транспорт, инновациялар
жана технологиялар боюнча
федералдык министрлиги
үчүн

Австрия Республикасынын
Транспорт, инновациялар жана
технологиялар Министрлигинин
жүктөрдү ташуу боюнча
Департаментинин Директору
д-р Р. Рентмайстер

Кыргыз Республикасынын
Транспорт жана
коммуникациялар
министрлиги үчүн

Кыргыз Республикасынын
Транспорт жана коммуникациялар
Министрнин орун басары
А. Маматалиев

| | | |
|---|---|---|
| REPUBLIK ÖSTERREICH BUNDESKANZLERAMT AMTSSIGNATUR | Unterzeichner | serialNumber=1026761,CN=Bundeskanzleramt,C=AT |
| | Datum/Zeit | 2017-11-27T19:20:55+01:00 |
| | Prüfinformation | Informationen zur Prüfung des elektronischen Siegels bzw. der elektronischen Signatur finden Sie unter: https://www.signaturpruefung.gv.at Informationen zur Prüfung des Ausdrucks finden Sie unter: https://www.bka.gv.at/verifizierung |
| | Hinweis | Dieses Dokument wurde amtssigniert. |